**Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер үчүн**

# КОЛДОНМО

Бишкек ш. 2024-ж.

# Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер үчүн
# КОЛДОНМО

*1-глава. Жалпы жоболор*
*2-глава. Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерге карата талаптар*
*3-глава. Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү тартиби*
*4-глава. Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо*
*5-глава. Талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуунун негиздери*
*6-глава. Шайлоого катышуудан баш тартуу, талапкерлердин тизмесин чакыртып алуу жана талапкерлердин тизмесинен чыгаруу*
*7-глава. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлерди каттоо*
*8-глава. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерди каттоодон баш тартуунун негиздери*
*9-глава. Шайлоо күрөөсү*
*10-глава. Шайлоо фонддору*
*11-глава.Шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фонду*
*12-глава. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкердин шайлоо фонду*
*13-глава.Талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу, добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу, шайлоонун натыйжалары жөнүндө шайлоо комиссиясынын чечимин жокко чыгаруу үчүн негиздер*
*14-глава. Талапкерлердин статусу*
*15-глава. Талапкерлердин, саясий партиялардын ишенимдүү адамдары*
*16-глава. Талапкерлердин, саясий партиялардын ишенимдүү адамдарынын ыйгарым укуктары.*
*17-глава. Талапкердин, саясий партиянын шайлоо комиссияларындагы өкүлүнүн статусу*
*18-глава. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдүн ыйгарым укуктары*
*19-глава. Талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү*
*20-глава. Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын белгилөө*
*21-глава. Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын белгилөө*
*22-глава. Шайлоо округдары боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештин дпепутаттарынын мандаттарын резервге калтыруу*
*23-глава. Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун кээ бир кызматтар жана иш түрлөрү менен шайкешсиздиги*

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер үчүн ушул Колдонмо (мындан ары – Колдонмо) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (мындан ары – жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзам), «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын актыларына ылайык иштелип чыккан.

2. Колдонмодо жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерге карата талаптар, талапкерлерди көрсөтүүнүн тартиби жана аны каттоо, ошондой эле талапкерлердин шайлоо фондусун түзүүнүн жана каражаттарын чыгымдоонун тартиби, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн статусу жана ыйгарым укуктары камтылган.

3. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо Кыргыз Республикасынын Конституциясында, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамда камтылган шайлоо укугунун принциптеринде өткөрүлөт.

## 2-глава. Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерге карата талаптар

4. 21 жаш куракка толгон, жалпы орто билимден төмөн эмес билими бар, тиешелүү айыл аймагынын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын мүчөсү жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланууга укуктуу.

5. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого 18 жашка толгон, шайлоо өтүп жаткан тиешелүү айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү жамаатынын мүчөсү болуп саналган Кыргыз Республикасынын жарандары укуктуу.

6. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган же соттун мыйзамдуу өкүмү күчүнө киргендиги боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар шайлоого укугу жок.

7. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркинен ажыратылган жарандар, ошондой эле соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган  адамдардывн шайланууга укугу жок.

8. Шайлоо өткөрүлүп жаткан тиешелүү айыл аймагынын же шаардын аймагында жайгаштырылган аскер бөлүктөрүнүн мөөнөттүү кызмат өтөгөн аскер кызматчылары, өзүнүн туруктуу жашаган жеринен тышкары альтернативдүү кызмат өтөгөн адамдар, ошондой эле тиешелүү жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналбаган, окуунун күндүзгү формасынын студенттери жана аспиранттар иш жүзүндө жайгашкан жери (кызматы, окуусу) боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого катышпайт.

9. Кылмыш жасоодо шектүүлөр жана айыпталуучулар катары камакта кармоо жайларында кармалып турган Кыргыз Республикасынын жарандары, алар шайлоо өтүп жаткан тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган жана алардын камакта кармоо жайлары ушул административдик-аймактык бирдиктин аймагында жайгашкан шартта, камакта кармоо жайларында добуш берүүгө укуктуу.

## 3-глава.Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү тартиби

10. Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо пропорционалдык системада, ал эми айылдык кеңештин депутаттарын шайлоо мажоритардык системада жүргүзүлөт.

11. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону Президент шайлоо күнүнө 60 календардык күндөн кечиктирбестен дайындайт.

12. Жергиликтүү кеңештер мөөнөтүнөн мурда таркатылган учурда Президент бир эле мезгилде жергиликтүү кеңештердин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындайт. Мында учурда шайлоо аракеттеринин мөөнөтү төрттүн бирине кыскарат.

13. Кайра уюштурууга алып келген тиешелүү административдик-аймактык бирдиктердин чек араларынын өзгөрүшүнө байланыштуу жана/же административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы курамынын өзгөрүшүнө байланыштуу жергиликтүү кеңештер таркатылган учурда, Президент ушул Колдонмонун 11-пунктунда каралган мөөнөттө жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону дайындайт.

14. Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү шайлоо дайындалган күндөн башталат жана шайлоо күнүнө 40 календардык күн калганда, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин аяктайт. Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү шайлоо дайындалган күндөн башталат жана шайлоо күнүнө 30 календардык күн калганда, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин аяктайт.

15. Талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык:

1) шаарлардын жергиликтүү кеңештерине - саясий партияларга;

2) айылдык аймактын жергиликтүү кеңештерине - саясий партияларга жана өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга.

16. Саясий партия төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө укуктуу:

1) пропорциялуу система боюнча шайлоодо - ар бир бирдиктүү шайлоо округу боюнча ошол жергиликтүү кеңеш үчүн белгиленген депутаттык мандаттардын санынан ашпаган сандагы талапкерлерди;

2) мажоритардык система боюнча шайлоодо - ар бир көп мандаттуу шайлоо округу боюнча ошол округ боюнча белгиленген мандаттардын санынан ашпаган сандагы талапкерлерди.

17. Саясий партиянын жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечими жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат.

18. Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү саясий партиянын съездинде (конференциясында), анын региондук бөлүмүнүн чогулушунда (конференциясында) жүзөгө ашырылат.

19. Шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин түзүүдө саясий партиялар өкүлчүлүктү эске алууга милдеттүү:

- бир жыныстагы адамдардын 70 пайыздан ашпаган өкүлчүлүгү, мында саясий партиядан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинде аялдардын жана эркектердин кезегинин айырмасы эки позициядан ашпоого тийиш.

- 1 талапкерден кем эмес – ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар.

Мында саясий партиялардын талапкерлеринин тизмеси көрсөтүлгөн учурдан тартып, алынган мандаттарды бөлүштүрүүгө чейин көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

20. Өзүн көрсөтүү тартибинде жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерди көрсөтүү тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына талапкер болуп көрсөтүлүүгө ниеттенгендиги жөнүндө арыз берүү жолу менен жүргүзүлөт.

21. Саясий партия тарабынан бирдиктүү шайлоо округу боюнча көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси же көп мандаттуу шайлоо округу боюнча саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлер саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттө басылган түрдө жана электрондук алып жүрүүчүдө берилет. Талапкерлер жөнүндө маалыматтар ошондой эле талапкерлер, талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан да Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык системасына электрондук машина окуй турган түрдө киргизилиши керек.

22. Бирдиктүү шайлоо округу же көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечими саясий партиянын же партиянын аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин коюлган колтамгасы жана саясий партиянын мөөрү менен ырасталат.

## 4-глава. Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо

23. Талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялардын ыйгшарым укуктуу өкүлдөрү шайлоо күнүнө чейин *40 календардык күн калгандан кечиктирбестен*, жергиликтүү убакыт боюнча 18.00 саатка чейин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына төмөнкүлөрдү берет:

1) партиянын аталышын көрсөтүү менен талапкерлердин тизмесин жана шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечимин;

2) талапкерлердин тизмесине киргизилген ар бир талапкер тарабынан толтурулган өзүн талапкерлердин тизмесине киргизүүгө макулдугу жөнүндө арызын жана өзү жөнүндө маалыматтар бар атайын форманы (биографиялык жана башка маалыматтарды) (1-тиркеме, №5 форма, №6 форма);

3) талапкерлердин паспортторунун көчүрмөлөрүн, иштеген же жашаган жеринен маалымкаттарын;

4) шайлоо күрөөсүн киргизгендигин ырастоочу документти;

5) башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу декларация;
(1-тиркеме, №12форма);

6) ар бир талапкер тарабынан толтурулган, мыйзамдарда белгиленген формадагы жеке маалыматтарды жыйноого жана текшерүүгө макулдук (1-тиркеме, №11 форма).

24. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жана ушуга байланыштуу өз алдынча өзүн-өзү көрсөтүү жөнүндө арызды жазууга, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамында каралган башка документтерди толтурууга мүмкүнчүлүгү жок талапкер көрсөтүлгөн учурда ошол адам башка адамдын жардамын колдонууга укуктуу. Мында каттоо документтерин толтурууга жардам көрсөткөн адамдын ыйгарым укуктары нотариалдык жактан ырасталууга тийиш же болбосо жетекчинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

25. Тиешелүү шайлоо комиссиясы ушул Колдонмонун 23-пунктунда көрсөтүлгөн документтерди берген ыйгарым укуктуу өкүлгө ал документтерди алгандыгын жазуу жүзүндөгү ырастоону берүүгө милдеттүү.

26. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партиялар өз шайлоо фонддорунун каражаттарынан тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын атайын фондуна жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамынын 50-беренеси менен белгиленген өлчөмдөгү шайлоо күрөөсүн киргизет.

27. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы документтерди кабыл алган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде талапкерлердин көрсөтүү тартиби жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамынын талаптарына ылайыктыгын текшерет жана талапкерлердин тизмесин каттоону жүзөгө ашырат же болбосо каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөөлөштүрүлгөн чечим чыгарат. Мындай текшерүү анын ичинде мыйзамдарда бекитилген ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн электрондук системасын колдонуу менен ишке ашырылат. Мында шайлоо комиссиясы документтерден талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган толук эместикти жана (же) ылайык келбөөчүлүктү тапса, документтер алынгандан кийин 48 сааттын ичинде шайлоо комиссиясы бул ылайык келбөөчүлүктөр жөнүндө саясий партияга маалымдоого милдеттүү. Саясий партия маалымдоо алынган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана оңдолгон документтерин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берүүгө укуктуу.

28. Бир эле адамды талапкерлердин бир тизмесинен ашыкка каттоого жол берилбейт.

29. Депутаттыкка талапкерлердин тизмесин каттоо шайлоо күнүнө чейин 30 календардык күн калганда аяктайт.

30. Талапкерлердин тизмесин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алган учурда баш тартуунун негиздерин баяндоо менен шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн саясий партиянын, шайлоо комиссияларындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө чечим кабыл алган учурдан тартып бир сутканын ичинде берүүгө милдеттүү.

31. Талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялар тарабынан анык эмес маалыматтарды берүү фактысын белгилөө, аныктоо шайлоо процессинин бардык стадиясында каттоону жокко чыгарууга алып келет.

## 5-глава. Талапкерлердин тизмесин каттоодон баш таруунун негиздери

32. Талапкерлердин тизмесин каттоодо төмөнкүлөр баш тартуунун негиздери боло алат:

1) талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамга ылайык зарыл болгон документтерди бербөө, ошондой эле жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамда каралган тартипти сактабоо:

2) талапкерде же талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

3) ушул шайлоодо талапкерди башка партиянын тизмесинде катталгандыгынын фактысынын бар экендиги;

4) саясий партиянын өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү;

5) талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына таандык экендиги же болбосо анда Кыргыз Республикасынын жарандыгынын жоктугу;

33. Эгерде саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамда көрсөтүлгөн каттоо үчүн зарыл болгон бардык документтерди бербесе,

бирок аларды каттоо мөөнөтү аяктаганга чейин кошумча берсе, тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлердин тизмесин каттоого милдеттүү.

34. Талапкерлердин тизмесин киргизилген айрым талапкерлерге карата 32-пунктта каралган каттоодон баш тартуу үчүн негиздердин болушу аларды ырасталган талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу үчүн гана негиз болуп кызмат кылышы мүмкүн.

35. Талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим Борбордук шайлоо комиссиясына же сотко даттанылышы мүмкүн.

36. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлердин тизмесин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 5 календардык күндүн ичинде саясий партиялардын аталыштарын, ошондой эле саясий партиялардан талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлердин фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, ээлеген кызматын (ишинин түрүн), жашаган жерин көрсөтүү менен талапкерлердин тизмесинин катталгандыгы жөнүндө билдирүүнү басма сөздө жарыялайт.

37. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлердин тизмеси катталган күндөн тартып 2 календардык күндүн ичинде талапкерлерге каттоо датасын көрсөтүү менен талапкердин тиешелүү күбөлүгүн берет (1-тиркеме, 10-форма).

## 6-глава. Шайлоого катышуудан баш атртуу, талапкерлердин тизмесин чакыртып алуу жана талапкерлердин тизмесинен чыгаруу

38. Талапкерлердин тизмесинде турган талапкер кандай гана болбосун убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 күн калгандан кечиктирбестен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына бул тууралуу жазуу жүзүндө арыз берүү менен шайлоого андан ары катышуудан баш тартууга укуктуу. Шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу жөнүндө арызды талапкер жеке өзү жазуу жүзүндө берүүгө тийиш. Талапкердин арызды жеке өзү берүүгө мүмкүндүгү жок болгон учурда саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына талапкердин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн арызын берет. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы аны талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алат. Шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу жөнүндө арыз тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейин чакыртып алынышы мүмкүн.

39. Саясий партия ар кандай убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен талапкерлердин тизмесин чакыртып алууга жана шайлоого катышуудан баш тартууга же болбосо тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндөгү тиешелүү арыз берүү менен талапкерди (талапкерлерди) тизмеден чыгарып салууга укуктуу. Бул учурда талапкерлердин тизмесин каттаган шайлоо комиссиясы тиешелүүлүгүнө жараша төмөнкү чечимдерди кабыл алууга милдеттүү:

1) талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө;

2) талапкерди (талапкерлерди) талапкерлердин тиешелүү тизмесинен алып салуу жөнүндө.

40. Ушул Колдонмонун 38-пунктунда жана 39-пунктунун 2-пунктчасында каралган учурларда, талапкерлерди талапкерлердин тизмесине жайгаштыруунун кезеги өзгөрүлөт. Мында талапкерлердин тизмесинен алынып салынган талапкердин ордуна талапкерлердин тизмесине аны менен бир жыныстагы талапкер киргизилет.

41. Шайлоо бюллетендери даярдалгандан кийин талапкерлердин тизмеси чыгып калган учурда (саясий партиянын шайлоого катышуудан баш тартуусу) участкалык же тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары тиешелүү саясий партия жөнүндө маалыматтарды бюллетендерден сызып салат. Сызып салуу саясий партия жөнүндө бардык жазуулардын сабы боюнча шарик калеми менен гана сызылуучу түз сызык менен жүргүзүлөт. Мында сызык саясий партиялар жөнүндө маалыматтардын сабынын каршысындагы бош квадратты камтууга тийиш.

## 7-глава. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлерди каттоо

42. Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо үчүн талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү добуш берүү күнүнө 30 календардык күн калгандан кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча 18 саатка чейин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына төмөнкүлөрдү берет:

1) (мажоритардык система боюнча саясий партия тарабынан талапкер көрсөтүлгөн учурда) партиянын аталышын жана айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү менен саясий партиянын талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечимин (2-тиркеме, №4 форма) же болбосо өзүн өзү көрсөтүү жөнүндө арызды (2-тиркеме, №6 форма, №6-1 форма);

2) өзү жөнүндө маалыматтары (биографиялык жана башка маалыматтар) менен талапкер тарабынан толтурулган атайын форманы (2-тиркеме, №5 форма);

3) талапкердин паспортунун көчүрмөсүн;

4) башка мамлекеттин жарандыгынын жоктугу жөнүндө документ (2-тиркеме, №12 форма);

5) ар бир талапкер тарабынан толтурулган, мыйзамдарда белгиленген формадагы жеке маалыматтарды жыйноого жана текшерүүгө макулдук (2-тиркеме, №11 форма).

43. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жана ушуга байланыштуу өз алдынча өзүн-өзү көрсөтүү жөнүндө арызды жазууга, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамында каралган башка документтерди толтурууга мүмкүнчүлүгү жок талапкер көрсөтүлгөн учурда, ошол адам башка адамдын жардамын колдонууга укуктуу. Мында каттоо документтерин толтурууга жардам көрсөткөн адамдын ыйгарым укуктары нотариалдык жактан ырасталууга тийиш же болбосо жетекчинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

44. Тиешелүү шайлоо комиссиясы ушул Колдонмонун 42-пунктунда көрсөтүлгөн документтерди берген талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнө ал документтерди алгандыгын жазуу жүзүндө ырастама берүүгө милдеттүү.

45. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы документтер кабыл алган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде талапкерлерди көрсөтүүнүн тартибинин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын талаптарына ылайыктыгын текшерет жана талапкерди каттоо жөнүндө чечим же болбосо каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөөлөштүрүлгөн чечим кабыл алат. Көрсөтүлгөн текшерүү анын ичинде мыйзамдар менен бекитилген электрондук өз ара аракеттенүү системасын колдонуу менен жүргүзүлөт. Мында, эгерде шайлоо комиссиясы документтерден талапкерди каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган ылайык келбөөчүлүктөрдү тапса, документтер алынгандан кийин 48 сааттын ичинде шайлоо комиссиясы бул ылайык келбөөчүлүктөр жөнүндө талапкерге маалымдоого милдеттүү. Талапкер маалымдоо алынган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына оңдолгон документтерди берүүгө укуктуу.

46. Талапкерди каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы ал кабыл алынган учурдан тартып бир сутканын ичинде талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнө каттоодон баш тартуунун негиздерин баяндалган аймактык шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

47. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкер тарабынан каттоо үчүн анык эмес маалыматтарды берүү фактысын аныктоо, таап чыгуу шайлоо процессинин кандай гана баскычы болбосун каттоону жокко чыгарууга алып келет.

## 8-глава. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерди каттоодон баш тартуунун негиздери

48. Талапкерди каттоодон баш тартуунун негиздери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

1) талапкерди каттоо үчүн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамга ылайык зарыл болгон документтерди бербөө, ошондой эле жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамы менен каралган көрсөтүүнүн тартибин сактабоо;

2) талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

3) ошол шайлоодо талапкердин башка шайлоо округунда катталгандыгынын фактысынын бардыгы;

4) талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына таандуулугу же болбосо анда Кыргыз Республикасынын жарандыгынын жоктугу.

49.Талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимге Борбордук шайлоо комиссиясына же сотко даттанылышы мүмкүн.

50. Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо добуш берген күнгө чейин 20 календардык күн калганда бүтөт.

51. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 5 календардык күндүн ичинде талапкерлердин фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, ээлеген кызматын (ишинин түрүн), жашаган жерин көрсөтүү менен депутаттыкка катталган талапкерлер жөнүндө маалыматтарды басма сөздө жарыялайт.

52. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлерди каттоо күнүнөн тартып 2 календардык күндүн ичинде талапкерлерге аны каттоонун датасын көрсөтүү менен талапкердин тиешелүү ырастамасын берет (2-тиркеме, №10 форма).

## 9-глава. Шайлоо күрөөсү

53. Шайлоо күрөөсү төмөнкү өлчөмдө белгиленет:

1) Бишкек жана Ош шаардык кеңештерине - мыйзамдар менен белгиленген эсептик көрсөткүчтүн беш жүз эсе өлчөмүндө;

2) Бишкек жана Ош шаарларын албаганда, шаардык кеңештерге - мыйзамдар менен белгиленген эсептик көрсөткүчтүн эки жүз эсе өлчөмүндө.

54. Шайлоо күрөөсү депутаттыкка талапкерлерге, депутаттыкка талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партияларга төмөнкүдөй учурларда кайра кайтарылып берилет:

1) шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнүн фондун түзүүнүн булактарын, ошондой эле жүргүзүлгөн бардык сарптоолорунун өлчөмү жөнүндө отчетту берген шартта, добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 15 пайыздан кем эмесинин добушун алса;

2) эгерде тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынса;

55. Күрөөнүн калган суммасы бюджетке чегерилүүгө тийиш. Талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо күрөөлөрүнөн келип түшкөн каражаттардын суммасы жөнүндө, талапкерлерге жана саясий партияларга кайра кайтарылган шайлоо күрөөлөрүнүн суммасы жана бюджетке чегерилген сумма жөнүндө маалымат Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыялануугa жатат.

56. Эгерде саясий партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоо мыйзам бузуунун натыйжасында добуш берүү күнүнө чейин жокко чыгарылса, саясий партия төлөгөн шайлоо күрөөсү кайтарылып берилбейт жана бюджетке чегерилет.

## 7-глава. Шайлоо фонддору

57. Жарандар айылдык кеңештерге өзүн өзү көрсөткөн учурдан тартып жана саясий партиялар ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аркылуу шайлоо кампаниясын каржылоо үчүн шайлоо фонддорун түзөт.

58. Өзүн өзү көрсөткөн талапкерлер, ошондой эле айылдык кеңештерге талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар шайлоо фонду түзбөгөн учурда, аларга жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө, шайлоо алдында үгүт жүргүзүү, башка шайлоо алдындагы иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн акча каражаттарын пайдаланууга тыюу салынат.

59. Шаардык кеңешке талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн саясий партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо комиссиясы тарабынан катталгандан кийин 5 календардык күндүн ичинде шайлоо фондун түзөт.

60. Талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон расмий баш тартылган учурда шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттар кайрымдуулукту жана которууну жүзөгө ашырган уюмдарга жана адамдарга кайтарылып берилет.

61. Саясий партиялар  тарабынан шаардык кеңештерге көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси боюнча талапкерлер  өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзүүгө укуксуз.

62. Талапкер же талапкерлердин тизмеси катталган учурда талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар шайлоо алдындагы үгүт иштерин каржылоо үчүн өздөрүнүн шайлоо фонддорунун ачылган эсебин жүргүзүүнү уланта берет.

63. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонду төмөнкүдөй каражаттардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) талапкердин, саясий партиянын өз каражаттарынан;

2) ушул Колдонмонун 64-пунктунда саналып өткөн жактарды кошпогондо, жарандардын жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттарынан.

Шайлоо фондунун чек өлчөмү жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамы менен аныкталат.

64. Шайлоо фонддоруна төмөнкүлөрдүн ыктыярдуу кайрымдуулук кылышына тыюу салынат:

1) чет өлкөлүк мамлекеттердин, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн, чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын, чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар катышуучу болуп саналган, Кыргыз Республикасында катталган юридикалык жактардын;

2) жарандыгы жок адамдардын;

3) мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;

4) мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер менен ишканалардын;

5) уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүшү болгон, ошондой эле салыктарды, жыйымдарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча жеңилдиктерден пайдаланган юридикалык жактардын;

6) аскер бөлүктөрүнүн, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;

7) укук коргоо органдарынын, соттордун;

8) кайрымдуулук иши менен алектенген уюмдардын;

9) диний уюмдардын;

10) жашыруун кайрымдуулуктар (жашыруун кайрымдуулук кылуучу деп өзүнүн төмөнкү маалыматтарынын бирин: фамилиясын, атын, атасынын атын, жашаган жеринин дарегин, паспорттук маалыматтарын көрсөтпөгөн, ошондой эле өзү жөнүндө анык эмес маалыматтарды көрсөткөн жаран түшүнүлөт).

65. Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна мамлекеттик бюджетке же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна карызы бар, юридикалык жакты түзбөгөн ишкердикти жүзөгө ашырган юридикалык, жеке жактардын акча каражаттарын кошушуна тыюу салынат. Талапкер, саясий партия көрсөтүлгөн юридикалык жана жеке жактар тарабынан шайлоо фондуна акча каражаттары которулган учурда жоопкерчилик тартпайт. Эгерде талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна жогоруда көрсөтүлгөн жеке жана юридикалык жактардан акча каражаттары келип түшкөн учурда соттун чечими боюнча банк же башка мекемелер ал каражаттарды Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын фондуна которууга милдеттүү, ал өз кезегинде бул каражаттарды мамлекеттик бюджетке же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которот.

66. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддоруна келип түшүп жаткан акчалай каражаттар шайлоо дайындалган күнгө карата Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен белгиленген эсептешүү көрсөткүчүнөн эсептелет. Белгиленген өлчөмдөн ашык келип түшкөн акча каражаттары шайлоо фондуна чегерилүүгө жатпайт жана жарандар менен уюмдарга кайтарып берилет. Мында көрсөтүлгөн каражаттарды кайтарып берүүгө байланышкан чыгымдар аларды чегерген жарандар менен уюмдардын эсебинен жабылат.

67. Кайра добуш берүү жүргүзүлгөн учурда шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен талапкердин, саясий партиянын бардык чыгымдарынын жалпы чектелген суммасы бир жарым эсе көбөйтүлүшү мүмкүн.

68. Шайлоо фондун түзгөн бардык акча каражаттары банктагы же башка мекемедеги атайын эсепке которулат. Бул эсеп тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын уруксаты менен талапкер, саясий партия тарабынан ачылат. Шайлоо фонддоруна келип түшүүчү акча каражаттары улуттук валютада гана кабыл алынууга тийиш. Көрсөтүлгөн эсептер боюнча кирешелер кошуп эсептелбейт жана төлөнбөйт.

69. Банк же башка мекемелердин тизмеси, көрсөтүлгөн эсептерди ачуунун, жүргүзүүнүн, шайлоо фонддорунун каражаттары боюнча эсепке алуунун жана отчеттуулуктун тартиби банк же башка мекемелер менен макулдашуу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

70. Шайлоо фонддорунун каражаттарын тескөө укугу аларды түзгөн талапкерлерге, саясий партияларга, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө таандык.

71. Шайлоо фонддорунун каражаттары максаттуу багытка ээ. Алар шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланышкан чыгымдарды жабууга гана пайдаланылышы мүмкүн.

72. Шайлоо фонддорунун каражаттары төмөнкүлөргө гана пайдаланылат:

1) шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө багытталган уюштуруу-техникалык чараларды финансылык камсыз кылууга;

2) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамда белгиленген өлчөмдө шайлоо күрөөсүн төлөөгө;

3) шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан иштерди аткаргандыгы, кызмат көрсөткөндүгү үчүн төлөөгө, атап айтканда:

а) маалыматтык жана консультативдик мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөргө;

б) үгүт материалдарын чыгарууга жана жайылтууга;

в) орун-жайлардын, жабдуулардын ижарасына;

г) транспорттук жана иш-сапардык чыгымдарды жабууга;

д) байланыш кызматтарына;

е) кеңсе товарларын, жабдууларды сатып алууга;

ж) жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяларды жарыялоого жана талапкердин чыгып сүйлөөсүнө;

з) шайлоо алдындагы чогулуштарды өткөрүүгө, шайлоочулар менен жолугушууга;

и) товарларды жеткирип берүүгө.

73. Жарандар жана юридикалык жактар талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоого көмөктөшүүчү ишке шайлоо фонддору аркылуу гана каржылык (материалдык) жактан колдоо көрсөтүүгө укуктуу. Юридикалык жактарга, алардын филиалдарына, өкүлчүлүктөрүнө, ошондой эле жеке жактарга шайлоого тикелей же кыйыр түрдө байланышкан жумуштарды, кызматтарды, товарларды сатууну акысыз аткарууга же негизсиз төмөндөтүлгөн баалар боюнча аткарууга тыюу салынат.

74. Талапкерлерге, саясий партияларга жумуштарга жана тейлөө кызматтарына акы төлөөгө, шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө, шайлоо алдындагы башка иш-чараларды жүзөгө ашырууга өздөрүнүн шайлоо фонддоруна келип түшкөн каражаттардан тышкары каражаттарды пайдаланууга тыюу салынат.

75. Банк же башка мекемелер жума сайын, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматты талапкерди каттаган аймактык шайлоо комиссиясына 24 сааттын ичинде билдирип турууга милдеттүү. Бул маалыматтар түшүшүнө жараша милдеттүү түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө жана банктык сыр жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен жайгаштырылат.

76. Талапкер өз талапкерлигин алып салган, саясий партия тарабынан өздөрүнүн талапкерлерин чакыртып алган, саясий партия тарабынан талапкерлердин тизмесин чакыртып алган же талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоо алынып салынган (жокко чыгарылган) учурда шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттары аларды киргизген жарандар менен уюмдарга

токтоосуз кайтарылып берилүүгө тийиш. Мында көрсөтүлгөн каражаттарды кайтарып берүү менен байланышкан чыгымдар аларды киргизген жарандар менен уюмдардын эсебинен жабылат.

77. Талапкердин шайлоо өнөктүгү менен байланышкан белгилүү иш аткаруу жөнүндө (кызмат көрсөтүү жөнүндө) жарандар жана юридикалык жактар менен келишимдер (макулдашуулар) талапкердин жеке өзү же болбосо анын ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан түзүлөт. Талапкерлердин, саясий партиялардын атайын эсептеринен акы төлөө боюнча келишимдер жана макулдашуулар добуш берилүүчү күндүн алдындагы күндөн кечиктирилип түзүлүшү мүмкүн эмес.

78. Бардык каржылык операциялар, анын ичинде жеке жана юридикалык жактар менен атайын эсептер боюнча эсептешүү добуш берүү күнүнөн мурунку күнү саат 18де токтотулат. Талапкердин, саясий партиянын жана юридикалык жактардын ортосунда белгилүү иш аткаргандыгы (кызмат көрсөткөндүгү) үчүн эсептешүүлөр накталай эмес тартипте гана жүзөгө ашырылат. Ошол эле учурда даректүү социалдык жардам алуучу адамдарга, аз камсыз болгондорго жана жөлөкпул алууга укугу бар адамдарга талапкердин, саясий партиянын шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү менен байланышкан айрым жумуштарды (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткаргандыгы үчүн банктык которуу жолу менен төлөө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган үчүн мыйзамда каралган социалдык төлөмдөрдөн баш тартууга негиз болуп саналбайт.

79. Кайра добуш берүүнү өткөрүүдө ага карата кайра добуш берүү өткөрүлүп жаткан талапкердин атайын эсеби боюнча финансылык операциялар кайра добуш берүү күнү дайындалган күнү кайра ачылат жана кайра добуш берүү күнүнөн мурунку күнү саат 18де токтотулат.

80. Талапкерлер, саясий партиялар шайлоодон кийин 10 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына өз фондунун өлчөмдөрү жана аны түзгөн бардык булактар жөнүндө, ошондой эле бардык сарпталган чыгымдар жөнүндө отчет берет. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзам менен белгиленген шайлоо күрөөсү зарыл сандагы добуштарды алган талапкерлерге, саясий партияларга алар өз фондунун өлчөмдөрү жана аны түзгөн бардык булактар жөнүндө, ошондой эле бардык сарпталган чыгымдар жөнүндө отчетту Борбордук шайлоо комиссиясына бергенден кийин кайра кайтарылат.

81. Атайын эсептеги чыгымдалбаган акча каражаттарынын калдыгы талапкерге, саясий партияга добуш берүү күнүнөн кийин кайтарып берилет.

82. Шайлоо фонддорунун каражаттарына, көрсөтүлгөн фонддорго ыктыярдуу кайрымдуулукка жана чегерилген каражаттарга, ошондой эле көрсөтүлгөн фонддордон чыгымдарга салык салуунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

## 11-глава. Шшаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фонду

83. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн жергликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамда белгиленген тартипте өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзөт.

84. Бишкек, Ош шаардык кеңештерине талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

2) саясий партиянын өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

3) жеке жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

4) юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 3000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен саясий партиянын чыгымдарынын чектелген суммасы эсептик көрсөткүчтөн 150000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

85. Ушул Колдонмонун 84-пунктунда көрсөтүлгөн Бишкек жана Ош шаарларын албаганда, шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес;

2) саясий партиянын өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

3) жеке жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

4) юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен саясий партиялардын чыгымдарынын чектик суммасы эсептик көрсөткүчтөн 50000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

## 12-глава. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкердин шайлоо фонду

86. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлер өзүн өзү көрсөткөн учурдан тартып, саясий партиялар талапкерлерди көрсөткөн учурдан тартып жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 15-беренесинде белгиленген тартипте үгүт өнөктүгүн каржылоо үчүн шайлоо фонддорун түзүшөт.

87. Шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) талапкердин өз каражаттарынын, алар эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес;

2) саясий партиялар бөлгөн каражаттардын, алар эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес

3) жеке жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын ар биринин өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес;

4) юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын ар биринин өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен талапкерлердин чыгымдарынын чектик суммасы эсептик көрсөткүчтөн 5000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

## 13-глава. Талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу, добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу, шайлоонун натыйжалары жөнүндө шайлоо комиссиясынын чечимин жокко чыгаруу үчүн негиздер

88. Талапкерди каттоо тиешелүү шайлоо комиссиясы же сот тарабынан талапкер өзүндө пассивдүү шайлоо укугу жок экендиги жөнүндө маалыматтарды жашырып койгондугунун фактысы, анын ичинде талапкерде мыйзамдар менен белгиленген тартипте соттолгондугу алып салынбагандыгынын же жоюлбагандыгынын, талапкерге карата соттун айып коюлуучу өкүмү күчүнө киргендигинин фактысы далилденгенде, талапкер Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандыгы же ажырагандыгы жөнүндө, башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгы жөнүндө жана колдонуудагы мыйзамдар менен белгиленген башка негиздери болгон учурларда, ошондой эле талапкер каза болгон учурда жокко чыгарылат.

89. Талапкерди каттоо төмөнкү учурларда жокко чыгарылат.

1) талапкер өз талапкерлигин алып салуу жөнүндө арыз бергенде;

2) саясий партия талапкерлердин тизмесинен кээ бир талапкерлерди чыгарганда;

3) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоо учурунда шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары талапкердин шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланса же болбосо талапкер өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды талапкердин шайлоо фондундагы каражаттардын бардык чыгымдарынын эң чоң белгиленген суммасынан 0,5 пайыздан ашыкча чыгымдаганда;

4) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 53 жана 60-беренелери менен аныкталган каттоо эрежелери бузулганда;

5) талапкердин, талапкердин өкүлдөрүнүн талапкерди шайлоо максатында кызматынын же кызмат абалынын артыкчылыктарын пайдалануу же талапкерди шайлоо максатында кызматынын же кызмат абалынын артыкчылыктарын анын өкүлдөрү пайдаланууга тийиштиги бар экендигинин фактылары ырасталганда;

6) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 22-28-беренелери менен каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга талапкердин, анын өкүлүнүн түздөн-түз тиешеси бар экендиги ырасталганда;

7) талапкер, анын өкүлдөрү, ошондой эле талапкердин жубайы жана (же) жакын туугандары тарабынан шайлоочуларды сатып алынгандыгынын же талапкердин шайлоочуларды сатып алууга тиешелүүлүгү бар экендигинин фактылары ырасталганда.

90. Талапкерлердин тизмесин каттоо төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:

1) саясий партия талапкерлердин тизмесин кайра чакыртып алганда жана шайлоого катышуудан баш тартканда;

2) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо саясий партия шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланганда же болбосо саясий партия өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды саясий партиянын шайлоо фондундагы каражаттардын бардык эң көп белгиленген суммасынан 0,5 пайыздан ашыкча чыгымдаганда;

3) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзам менен аныкталган талапкерлердин тизмесин каттоонун эрежелери бузулганда;

4) саясий партиянын жетекчилиги тарабынан талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында кызматынын же кызматтык абалынын артыкчылыгын пайдалангандыгынын же саясий партиянын өкүлдөрүнүн талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында кызматынын же кызматтык абалынын артыкчылыгын пайдаланууга тиешеси бар экендигинин фактылары ырасталганда;

5) аткаруу органдарынын жетекчилигинин же кызматкерлеринин саясий партиялардын өкүлдөрүнүн ушул жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 22-28-беренелери менен каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга түздөн-түз тиешелүүлүгүнүн фактылары ырасталганда;

6) саясий партиянын аткаруу органынын жетекчилигинин, кызматкерлеринин же өкүлдөрүнүн шайлоочуларды сатып алуусунун же алардын шайлоочуларды сатып алууга тиешеси бар экендигинин фактылары ырасталганда.

91. Эгерде жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоонун натыйжалары аныкталгандан кийин жана шайланган талапкерге мандат тапшырылганга чейин талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жок экендиги жөнүндө маалыматтар, анын ичинде мыйзамда белгиленген тартипте алып салынбаган же бүтө элек соттуулугу бар экендиги, ага карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргендиги, Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандыгы же жоголгондугу, башка мамлекеттин жарандыгына таандык болгондугу талап кылынган билим деңгээлинин жоктугу же билим берүү жөнүндө жалган маалыматтарды бергендиги жөнүндө маалыматтар ырасталган учурда, ошондой эле талапкер каза болгон учурда бул талапкерди шайлоо жөнүндө чечим жокко чыгарылат. Бул учурда мандат ушул жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 52-беренесинде белгиленген тартипте кийинки талапкерге өткөрүлүп берилет.

Бул учурда пропорционалдык система боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамдын 52-беренесинин талаптарын эске алуу менен ошол саясий партиядан талапкерлердин тизмесинен кийинки шайланган талапкер катталат.

92. Ушул колдонмонун 13-главасында көрсөтүлгөн талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону, добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө шайлоо комиссиясынын чечимдерин жокко чыгаруу үчүн негиздер акыркы болуп саналат.

## 14-глава. Талапкерлердин статусу

93. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамда белгиленген учурларды кошпогондо, бардык талапкерлер тең укукка ээ жана бирдей милдеттерди аткарат.

94. Талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин кызмат ордундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтото турат, эгер ал төмөндөгүлөрдөн болуп саналса:

1) мамлекеттик кызматтын түрүнө (жарандык, аскердик, укук коргоо, дипломатиялык) карабастан, мамлекеттик кызматчы болсо;

2) муниципалдык кызматчы болсо;

3) жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкери болсо;

4) мамлекеттик же муниципалдык мекемелердин жетекчиси болсо;

95. Талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып кызмат орунун же кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруусун токтотот, эгерде ал төмөндөгүлөрдөн болуп саналса:

1) мамлекеттик саясий кызматчы болсо;

2) жергиликтүү кеңештин депутатын кошпогондо, муниципалдык саясий кызматчы болсо;

3) 30 пайыздан ашык мамлекеттик (муниципалдык) үлүш менен катышкан мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын жана алардын бөлүмдөрүнүн, юридикалык жактын жетекчилери болсо;

96. Талапкер иштеген, кызмат өтөгөн мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилери, аскердик бөлүктөрдүн командирлери жана органдардын башка тиешелүү кызмат адамдары талапкер арыз менен кайрылган учурдан баштап 3 календардык күндүн ичинде анын орточо эмгек акысын менчигинин түрүнө карабастан мекеменин, ишкананын, уюмдун эсебинен сактоо менен анын кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруусун билдирме менен токтотууга милдеттүү.

97. Талапкерлер же болбосо алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аймактык шайлоо комиссиясына талапкерди көрсөткөн күндөн баштап 5 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү буйруктардын (тескемелердин) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн, талапкерлердин тизмесин берет.

98. Ушул Колдонмонун 102 жана 103-пункттарда каралган талапкердин ишинин кепилдиктери жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 53 жана 60-беренелеринде каралган тартипте тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясында катталган учурдан тартып башталат.

99. Талапкердин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамда белгиленген укуктары жана кепилдиктери шайлоонун жыйынтыктары аныкталганга чейин, ал эми талапкер шайлоонун жыйынтыктарын аныктоого даттанган учурунда соттун чечими күчүнө киргенге чейин жайылтылат.

100. Катталган талапкер аймактык шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыктарын жалпыга маалымдоо каражаттарына расмий жарыялаган учурдан тартып, ал эми мөөнөтүнөн мурда шайлоодон чыгып калганда - шайлоодон чыгып калган учурдан баштап талапкердин статусу менен байланышкан укуктарын жоготот жана милдеттеринен бошотулат. Эгерде аймактык шайлоо комиссиясы кайталап добуш берүүнү дайындаса, кайталап добуш берилбей турган, катталган талапкерлер шайлоо комиссиясы кайталап добуш берүүнү дайындаган күндөн тартып өздөрүнүн статусун жоготот.

101. Талапкер, саясий партия жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамда каралган тартипте шайлоо комиссияларында өкүлдөрдү, ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү, ишенимдүү адамдарды дайындоого укуктуу. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамда каралган учурларда талапкер, саясий партия жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын талаптарын бузгандыгы менен байланышкан өздөрүнүн өкүлдөрүнүн аракеттери үчүн жоопкерчилик тартат.

102. Шайлоону өткөрүү убагында катталган талапкер администрациянын (иш берүүчүнүн) демилгеси боюнча ишинен (кызматынан) бошотулбайт же анын макулдугусуз башка ишке (кызматка) которулбайт, аскер кызматына чакырылбайт.

Катталган талапкердин шайлоого катышкан мезгили ал талапкер болуп катталганга чейин иштеген адистиги боюнча жаппы эмгек стажына эсептелет.

103. Катталган талапкер шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыктарын жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыяланган күнгө чейин аймактык шайлоо комиссиясынын макулдугусуз, кылмыш жасаган жеринде кармалган учурларды кошпогондо, жазык жоопкерчилигине тартылбайт, кармалбайт, камакка алынбайт же сот тартибинде берилүүчү чараларга дуушар кылынбайт.

104. Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда катталган талапкерлердин тизмесинде чыккан депутаттан кийинки турган адам аймактык шайлоо комиссиясында жергиликтүү кеңештин депутаты болуп катталганга чейин талапкердин статусу менен байланышкан укуктарга жана милдеттерге кайрадан ээ болот.

## 15-глава. Талапкерлердин, саясий партиялардын ишенимдүү адамдары

105. Талапкер, саясий партиялар өзүлөрүнүн өкүлдөрүн дайындоого укуктуу.

106. Ишенимдүү адамдарды каттоо үчүн  талапкерлер, саясий партиялар добуш берүү күнүнө 3 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин тиешелүү шайлоо комиссиясына төмөнкү документтерди беришет:

1) талапкердин жазуу жүзүндөгү арызы, саясий партиянын сунуштамасы жана ишенимдүү адам болууга макулдук берген жарандын өзүнүн арызы (1-тиркеме, №7 форма, 2-тиркеме, №7 форма, 1-тиркеме, №8 форма, 2-тиркеме, №8 форма);

2) инсандыгын тастыктаган документтер, негизги иштеген жери (ишинин түрү), туруктуу жашаган жеринин толук дареги жана ыйгарым укуктуу адамдын байланыш маалыматтары.

107. Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө маалыматтар талапкер, талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык системасына электрондук машина окуй турган түрдө киргизилүүгө тийиш.

108. Зарыл документтер берилгенден кийин ишенимдүү адамдарды каттоо талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттаган шайлоо комиссиясы тарабынан токтоосуз жүргүзүлөт. Шайлоо комиссиясы ишенимдүү адамга Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берет.

109. Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, диний ишмерлер, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар ишенимдүү адамдар боло алышпайт.

110. Ишенимдүү адамдар өздөрүнө талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чектеринде аракеттенет.

## 16-глава. Талапкерлердин, саясий партиялардын ишенимдүү адамдарынын ыйгарым укуктары

111. Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) талапкердин, талапкерлердин тизмесинин шайланышына көмөктөшүүчү үгүт жана башка иштин ар кандай мыйзам менен жол берилген түрлөрү жана мыйзамдуу усулдары менен жүзөгө ашырууга, алардын шайлоо алдындагы программаларын сунуштоого;

2) шайлоо алдындагы чогулуштарда, шайлоочулар менен жолугушууларда чыгып сүйлөөдө, шайлоо алдындагы дебаттар менен дискуссияларга катышууга;

3) шайлоо алдындагы чогулуштарды жана шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүүдө мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан зарыл жардам алууга;

4) шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;

5) добуш берүүнү өткөрүүдө, шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөдө шайлоо участкаларында болууга;

6) шайлоо комиссияларынын документтери, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдор менен таанышууга;

7) шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууга жана даттануулар менен арыздарды кароого катышууга.

112. Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүүгө;

2) добуш берилүүчү жайда шайлоо бюллетендерин алгандагы үчүн шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга, ошондой эле кабинада, атайын жабдылган жерде же жашыруун добуш берилүүчү бөлмөдө ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

3) эгерде алар ошол жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларынын журналисттери, чыгармачыл кызматкерлери же болбосо кызмат адамдары болуп саналса, маалыматтык теле- жана радиопрограммаларды (берүүлөрдү) жүргүзүүгө, шайлоону жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу чагылдырууга катышууга.

113. Администрация (иш берүүчү) ишенимдүү адамдын арызы боюнча ишенимдүү адамдын ыйгарым укуктары токтотулганга чейин эмгек акысын сактабастан өргүү берүүгө милдеттүү.

114. Ишенимдүү адамдарды дайындаган талапкерлер, саясий партиялар бул жөнүндө шайлоо комиссиясына кабарлоо менен аларды ар кандай убакта чакыртып алууга укуктуу, ал ишенимдүү адамдарга берилген күбөлүктөрдү жокко чыгарып ишенимдүү адам тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнө берилген ырастаманы кайтарып берип, бул жөнүндө өзүн дайындаган талапкерге, саясий партияга маалымдоо менен ар кандай убакта өз демилгеси боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын алып салууга укуктуу.

115. Ишенимдүү адамдардын ыйгарым укуктары ушул Колдонмонун 114-пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлар боюнча же болбосо аларды катталган талапкер деп ыйгарым укук берген талапкерлерди көрсөткөн саясий партия, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия статусунан ажырашы менен бирге токтотулат.

## 17-глава. Талапкердин, саясий партиянын шайлоо комиссияларындагы өкүлүнүн статусу

116. Талапкер, саясий партия катталгандан кийин анын инсандыгын ырастаган документтерди, анын негизги иш орду (ишинин түрү), туруктуу жашаган жеринин толук дареги жана байланышуу даректери жөнүндө маалыматтарды берүү менен тиешелүү аймактык жана участкалык шайлоо комиссиясына өзүнүн өкүлүн (мындан ары - шайлоо комиссияларындагы өкүл) дайындоого укуктуу (1-тиркеме, №3 форма, 2-тиркеме, №3 форма).

117. Документтер тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүү күнүнө 3 календарлык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин кабыл алынат. Талапкердин, саясий партиянын өкүлү жөнүндө маалыматтар талапкер, талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык системасына электрондук машина окуй турган түрдө да киргизилүүгө тийиш.

118. 21 жаш куракка чыккан, активдүү шайлоо укугуна ээ болгон жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлоо комиссияларындагы өкүл болууга укуктуу.

119. Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо

жана фискалдык органдардын кызматкерлери, диний ишмерлер, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар шайлоо комиссияларында өкүл болууга укуксуз.

120. Бир шайлоо комиссиясына дайындалган шайлоо комиссияларындагы өкүл бир эле мезгилде башка шайлоо комиссиясынын өкүлү боло албайт.

121. Шайлоо комиссияларындагы өкүлгө Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген ырастама тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан берилет.

122. Мамлекеттик же муниципалдык кызматты айкалыштыруучу шайлоо комиссияларындагы өкүл өзүнүн кызматтык милдеттеринин же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланууга укуксуз.

## 18-глава. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары

123. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары ал тиешелүү шайлоо комиссиясында катталган учурдан тартып башталат.

124. Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуктуу:

1) шайлоо комиссиясынын жыйналышында каралуучу документтер жана материалдар менен таанышууга;

2) шайлоо комиссиясынын жыйналыштарынын күн тартибине анын компетенциясына кирген маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө жана алар боюнча добуш берүүнү өткөрүүнү талап кылууга;

3) шайлоо комиссияларынын бардык жыйналыштарына катышууга жана жарыш сөздөргө чыгууга;

4) шайлоо комиссиясынын жыйналыштарынын башка катышуучуларына күн тартибине ылайык суроолорду берүүгө жана аларга маңызы боюнча жооп алууга;

5) шайлоо комиссиясынын шайлоого түздөн-түз байланыштуу документтери жана материалдары менен таанышууга жана ал документтер менен материалдардын (мыйзам менен белгиленген тартипте андайга таандык кылынган купуя маалыматты камтыган документтер менен материалдарды кошпогондо) көчүрмөлөрүн алууга;

6) шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документтин анын инсандыгына шайкеш келишин жана ага бюллетендин берилишин текшерүүгө;

7) шайлоо комиссиясынын аракеттери (аракетсиздиги) жөнүндө жогору турган шайлоо комиссиясына же сотко даттанууга.

125. Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоо комиссиясы тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөргө катышууга;

2) түшүндүрмөлөрдү жана көрсөтмөлөрдү берүүгө, шайлоо комиссиясынын атынан билдирүү жасоого;

3) добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду түзүүгө;

4) шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына таандык кылынган чечимдерди кабыл алууда добуш берүүгө катышууга;

5) шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана протоколдоруна кол коюуга.

126. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары аны дайындаган субъекттин чечими боюнча каалаган убакта токтотулушу жана башка жакка өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

127. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары аны дайындаган субъекттин каттоосу жокко чыгарылган учурда да токтотулушу мүмкүн.

128. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары шайлоонун натыйжалары расмий жарыялангандан кийин токтотулат.

129. Катталган талапкер, талапкерлердин тизмесин каттаган саясий партия тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун натыйжалары даттанылган учурда шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары даттануунун негизи боюнча соттун акыркы чечими чыгарылгандан кийин токтотулат.

## 19-глава. Талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү

130. Талапкерлер, саясий партиялар экиден ашпаган ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү дайындайт, алар тиешелүү талапкерлерге, саясий партияларга: шайлоого катышууга байланыштуу маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл, каржылык маселе боюнча ыйгарым укуктуу өкүл болот.

Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жөнүндө маалыматтар талапкер, талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык системасына электрондук машина окуй турган түрдө да киргизилүүгө тийиш.

131. Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, диний ишмерлер, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар ыйгарым укуктуу өкүл боло алышпайт.

Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси ар бир ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарын, фамилиясын, аты-жөнүн, туулган датасын, паспортунун же анын ордун басуучу документинин сериясы менен номерин жана ал берилген датаны, жашаган жеринин дарегин, негизги ишинин же кызматынын ордун, ээлеген кызматын (негизги иштеген же кызмат кылган жери жок болгон учурда - ишинин түрүн), телефон номерин, ал эми талапкердин каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл үчүн - каржы документтерине кол коюу укугун көрсөтүү менен тиешелүү шайлоо комиссиясына тапшырылат (1-тиркеме, №1 форма, 2-тиркеме, №1 форма). Шайлоо комиссиясына тапшырылган көрсөтүлгөн тизмеде саналган ар бир адамдын көрсөтүлгөн иштерди жүзөгө ашырууга ошондой эле жазуу жүзүндөгү макулдугу тиркелет (1-тиркеме, №2 форма, 2-тиркеме, №2 форма). Мында талапкер, саясий партия ыйгарым укуктуу өкүлдүн 130-132-пункттардын талаптарына ылайыктыгын тастыктайт жана берилген маалыматтар үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик алып жүрөт.

133. Тиешелүү шайлоо комиссиясы зарыл документтер келип түшкөн күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамга ылайык ыйгарым укуктуу өкүлдөргө каттоо күбөлүктөрүн берет же болбосо каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөөлүү чечимди кабыл алат. Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо комиссиясы ыйгарым укуктуу өкүлдөргө каттоо күбөлүктөрүн бергенден кийин дайындалды деп эсептелинет, ыйгарым укуктуу өкүлдүн укуктарына жана милдеттерине ээ болот (1-тиркеме, №3-1 форма, 2-тиркеме, №3-1форма).

134. Шайлоого катышууга байланыштуу маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл:

1) талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн документтерди тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берет;

2) каттоого документтерди кабыл алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү ырастоону (маалымкатты) шайлоо комиссиясынан алат;

3) шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзөт, үгүт материалдарын таратат;

4) шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү менен түздөн-түз байланышкан аткарылган иштер, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн документтерге (контракттарга/макулдашууларга) кол коет;

5) талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын берүүнүн тартибин аныктоодо шайлоо комиссиялары тарабынан жүргүзүлүүчү чүчү кулактарга катышууга укуктуу;

6) ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү дайындаган талапкерге, саясий партияга тиешеси бар маселелер боюнча шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга укуктуу;

7) талапкердин, саясий партиянын тапшыруусу боюнча башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

135. Финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл:

1) талапкердин, саясый партиянын шайлоо алдындагы үгүт иштерин каржылоо үчүн шайлоо фондун түзүүгө, акча каражаттарынын түшүшүнүн жана чыгымдалышынын мыйзамдуулугун

эсепке алууга жана контролдоого, шайлоо фонддорунун каражаттары боюнча финансылык отчетту түзүүнү жана берүүнүн маселелерин чечүүгө байланышкан маселелерди чечет;

2) финансылык эсептешүү документтерине жана финансылык отчетко кол коюуга укуктуу;

3) талапкерге, саясий партияга тиешелүү финансылык маселелер боюнча шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга укуктуу;

4) финансы маселелери боюнча ушул Мыйзамда белгиленген башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

136. Талапкер, саясий партия тиешелүү ыйгарым укуктуу өкүлдү каттаган шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө билдирип, мыйзам укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарын ар кандай убакта токтотууга укуктуу.

137. Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү депутаттыкка талапкердин, бирдиктүү шайлоо округу боюнча саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде көрсөтүлгөн бардык талапкерлер талапкердин статусун жоготкон учурдан тартып, бирок шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн кечиктирилбестен аяктайт. Талапкердин, саясий партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 календардык күндөн кийин аяктайт.

## 20-глава. Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктоо

138. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы участкалык (төмөн турган) шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен тиешелүү бирдиктүү шайлоо округу боюнча саясий партиялар көрсөткөн талапкерлердин тизмелеринин ар бири үчүн берилген шайлоочулардын добуштарын эсептеп чыгууну жүргүзөт.

139. Шайлоо округу боюнча депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө ушул бөлүктүн экинчи-бешинчи абзацтарында каралган талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар киргизилет.

140. Талапкерлеринин тизмеси үчүн добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызы берилген саясий партиялар депутаттык мандаттарды алышат, алардын саны жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 56-1 беренесинин 3-бөлүгүндө каралган тартипте аныкталат (ушул Колдонмонун 144-146-пункттkры).

141. Эгерде талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын бири да добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын албаган учурда, депутаттык мандаттарды бөлүштүрүү талапкерлердин тизмесин көрсөткөн жана добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын ала албаган башка саясий партияларга караганда добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын көбүрөөк сандагы добушун алган биринчи үч саясий партиянын ортосунда жүзөгө ашырылат.

142. Эгерде талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын ичинен бир гана саясий партия добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын алган учурда, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн жана добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын ала албаган, бирок добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын ала албаган башка саясий партияларга караганда, добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын көбүрөөк сандагы добуштарын алган кийинки эки саясий партия да депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө киргизилет. Мында добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 же андан көп пайызын ала албаган бир нече саясий партиялар тарабынан шайлоочулардын бирдей сандагы добуштары алынса, депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө эки саясий партияны киргизүү жөнүндө маселе добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын бирдей добуштарын алган саясий партиялардын ортосунда чүчү кулак өткөрүү жолу менен чечилет.

143. Эгерде талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын ичинен эки саясий партия добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын алган учурда, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн жана добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын

добуштарынын 5 жана андан көп пайызын ала албаган, бирок добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын ала албаган башка саясий партияларга караганда, добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын көбүрөөк сандагы добуштарын алган кийинки бир саясий партия да депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө киргизилет. Мында добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 же андан көп пайызын ала албаган бир нече саясий партиялар тарабынан шайлоочулардын бирдей сандагы добуштары алынса, депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө бир саясий партияны киргизүү жөнүндө маселе добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын бирдей добуштарын алган саясий партиялардын ортосунда чүчү кулак өткөрүү жолу менен чечилет.

144. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын алган саясий партиялардын талапкерлеринин тизмелери үчүн бирдиктүү шайлоо округу боюнча берилген, же болбосо жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 56-1 –беренесинин 2-бөлүгүнүн үчүнчү - бешинчи абзацтарында каралган учурларда шайлоочулардын добуштарынын суммасын эсептеп чыгат (ушул Колдонмонун 141-143-пункттары). Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын алынган суммасы бирдиктүү шайлоо округу боюнча бөлүштүрүлүүчү депутаттык мандаттардын санына бөлүнөт. Алынган натыйжа биринчи жеке шайлоо укугу (бир мандатты алуу үчүн квота) болот.

145. Андан кийин депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө катышкан талапкерлердин ар бир тизмеси алган добуштардын саны биринчи жеке шайлоого бөлүнөт. Санды бөлүүнүн натыйжасында алынган бүтүн бөлүк тиешелүү талапкерлердин тизмеси алган депутаттык мандаттардын саны болот.

146. Эгерде ушул бөлүктүн экинчи абзацына ылайык жүргүзүлгөн аракеттерден кийин бөлүштүрүлбөгөн мандаттар калса, аларды экинчи жолу бөлүштүрүү жүргүзүлөт. Бөлүштүрүлбөгөн мандаттар ушул бөлүктүн экинчи абзацына ылайык бөлүштүрүүнүн натыйжасында алынган сандын эн көп бөлчөк бөлүгүн (калдыгын) алган талапкерлердин тизмелерине бирден берилет. Бөлчөк бөлүктөр тең болгондо шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган талапкерлердин тизмесине артыкчылык берилет. Шайлоочулардын добуштарынын саны тең болгондо, артыкчылык мурда катталган талапкерлердин тизмесине берилет.

147. Талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлердин ортосунда депутаттык мандаттарды бөлүштүрүү тизмени тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясында каттоодо белгиленген, бул тизмедеги талапкерлердин жайгашуусунун тартибине ылайык жүргүзүлөт.

148. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы бирдиктүү шайлоо округу боюнча саясий партиялардын ортосунда депутаттык мандаттардын мыйзамдарга ылайык белгиленген протоколдун саптарына ылайык бөлүштүрүлүшү жөнүндө протокол түзөт.

149. Протоколго кошумча төмөнкүлөр киргизилет:

- депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө киргизилген саясий партиялардын аталыштары;
- талапкерлердин ар бир тизмесинен шайланган депутаттардын фамилиясы, аты, атасынын аты.

150. Шайлоонун натыйжаларын жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыялоо жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 40-беренесинин 4-бөлүгүндө белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө жүргүзүлөт.

## 15-глава. Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктоо

151. Тиешелүү аймактын айылдык кеңештеринин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктоо жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндү Мыйзамдын 38-беренесинде каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

152. Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктарын аныктоодо жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндү Мыйзамдын 59-1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык резервге калтырылган мандаттар талапкер аялдардын ортосунда бөлүштүрүлөт (ушул Колдонмонун 160-пункту).

153. Башка талапкер аялдарга караганда көбүрөөк добуштардын санына ээ болгон талапкер аялдар шайланган болуп таанылат.

154. Эгерде шайлоо округунда талапкер аялдардын саны резервге калтырылган мандаттардын санынан аз болсо, анда ушул Колдонмонун 152-пунктунда көрсөтүлгөн мандаттар бөлүштүрүлгөндөн кийин калган мандаттар жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндү Мыйзамдын 62-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык башка талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт.

155. Эгерде тиешелүү шайлоо округунда талапкер аялдар жок болсо, анда резервге калтырылган мандаттар жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндү Мыйзамдын 62-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык башка талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт (ушул Колддонмонун 156-пункту).

156. Резервге калтырылган мандаттар бөлүштүрүлгөндөн кийин калган мандаттар калган талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт. Добуш берүүгө катышкан тиешелүү шайлоо округунун шайлоочуларынын көбүрөөк добуштарынын санына ээ болгон талапкерлер (мандаттардын санына ылайык) шайланган болуп таанылат.

157. Талапкерлер добуштардын бирдей санына ээ болгондо мурда катталган талапкер шайланган болуп эсептелет. Эгерде талапкерлер бир күндө катталган болсо, маселе чүчүкулак өткөрүү жолу менен чечилет.

## 22-глава. Шайлоо округу боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарын резервге калтыруу

158. Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн ар бир айылдык кеңеш боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30 пайыздан аз эмеси резервге калтырылат.

159. Ар бир шайлоо округу боюнча резервге калтырылган мандаттардын саны жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамынын 10 жана 11-беренелерине ылайык шайлоо округдары жана участоктору жөнүндө маалымат менен бир убакта жарыяланат.

160. Шайлоо округунда резервге калтырылган мандаттардын саны тиешелүү шайлоо округундагы мандаттардын жалпы санына жараша болот:

1) 2 мандаттуу шайлоо округунда 1 мандат резервге калтырылат;
2) 3 мандаттуу шайлоо округунда 1 мандат резервге калтырылат;
3) 4 мандаттуу шайлоо округунда 2 мандат резервге калтырылат;
4) 5 мандаттуу шайлоо округунда 2 мандат резервге калтырылат;
5) 6 мандаттуу шайлоо округунда 2 мандат резервге калтырылат;
6) 7 мандаттуу шайлоо округунда 3 мандат резервге калтырылат;
7) 8 мандаттуу шайлоо округунда 3 мандат резервге калтырылат;
8) 9 мандаттуу шайлоо округунда 3 мандат резервге калтырылат;
9) 10 мандаттуу шайлоо округунда 3 мандат резервге калтырылат;
10) 11 мандаттуу шайлоо округунда 4 мандат резервге калтырылат;
11) 12 мандаттуу шайлоо округунда 4 мандат резервге калтырылат;
12) 13 мандаттуу шайлоо округунда 4 мандат резервге калтырылат;
13) 14 мандаттуу шайлоо округунда 5 мандат резервге калтырылат;
14) 15 мандаттуу шайлоо округунда 5 мандат резервге калтырылат;
15) 16 мандаттуу шайлоо округунда 5 мандат резервге калтырылат.

## 23-глава. Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун кээ бир кызматтар жана иш түрлөрү менен шайкешсиздиги

161. Жергиликтүү кеңештин депутаты төмөнкү учурларда мамлекеттик кызматта же муниципалдык кызматта боло албайт:

1) эгерде ал жетекчилик кызмат ордун ээлеген мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү башкаруунун өкүлчүлүктүү органы да (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңеши) ошол эле айылдык аймактын же шаардын аймагынын чектеринде жайгашкан болсо;

2) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органына (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешине) отчеттуу болсо;

3) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисин шайлоого, дайындоого, бошотууга сунуштоо ал депутаты болуп саналган ошол жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешинин) ыйгарым укуктарына тийиштүү болсо.

162. Депутаттык ыйгарым укуктарды ошондой эле тиешелүү айылдык аймактын же шаардын калкына республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштырууга болбойт.

163. Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн депутаттык мандатын депутаттык ишке байланышпаган максаттарда пайдалана албайт.

164. Бир эле адам бир гана айылдык же шаардык кеңештин депутаты боло алат.

165. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан эмгек келишиминин (контрактынын) негизинде ишке алынган кызматкер жергиликтүү кеңештин депутаты боло албайт.

**КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ!!!**

1. 1-тиркеме, 2-тиркеме Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 12-февралындагы №3 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди каттоо үчүн керектүү документтердин тизмегин жана формаларын бекитүү жөнүндө» чечими менен бекитилген*(БШКнын 11.02.2020ж. №1 чечиминин редакциясында).*

2. Шайлоо алдындагы үгүттү ишке ашыруунун тартибине байланышкан маселелер Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төмөндөгү актылары менен жөнгө салынат:

- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 20-октябрындагы №161 токтому менен бекитилген Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобо*(БШКнын 12.03.2020ж. №72 токтомунун редакциясында).*;
- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 26-июнундагы №115 токтому менен бекитилген Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча жумушчу топ жөнүндө жобо;

3. Талапкердин шайлоо өнөктүгүн каржылоого байланышкан маселелер Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референду өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төмөндөгү актылары менен жөнгө салынат:

-Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 14-июнундагы № 157 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын алдындагы көзөмөлдөө-текшерүү тобунун иши жөнүндө жобо*(БШКнын 19.12.2020ж. №482 токтомунун редакциясында)*;
- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 11-октябрындагы № 154 токтому менен бекитилген Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкерлердин, саясый партиялардын шайлоо фонддорунун

акча каражаттарын түзүүнүн, алардын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуунун тартиби жөнүндө нускама*(БШКнын 12.03.2020ж. №75 токтомунун редакциясында)*.

4. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 31-октябрындагы № 183 токтому менен бекитилген Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоо комиссиялары тарабынан добуш берүүнү уюштуруу жана өткөрүү, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө Жобо менен жөнгө салынган добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөөнүн тартиби *(БШКнын 04.02.2020ж. №31 токтомунун редакциясында).*

**БШКнын маалыматтык ресурстары**

1. ***БШКнын расмий сайты*** **(https://shailoo.gov.kg):**
   - Портал, КРнын БШКнын ишмердүүлүгү, отурумдары, токтомдору, жоболору жана курамы жөнүндө толук жана так маалыматты берүүгө арналган. Сайттын негизги максаты- шайлоочулардын, шайлоо комиссияларынын, саясий партиялардын, мамлекеттик органдардын, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ЖМК) КРнын БШКнын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтык колдоо үчүн маалыматтык-технологиялык чөйрөнү түзүү болуп эсептелет.

2. ***Маалыматтык шайлоо системасы*** **(http://ess.shailoo.gov.kg):**
   - Шайлоонун бардык түрүнүн жана референдумдардын натыйжалары жөнүндө маалыматты камтыган интернет-ресурс.

3. ***Кол менен саноо жана акыркы идентификациялык отчет үчүн протоколдорду графикалык түрдө чагылдырган веб-сайт*** **(http://protocol.shailoo.gov.kg/):**
   - УШКнын кол менен эсептелген сканерленген протоколдорун, АШКнын протоколдорун жана идентификациялык отчетторду көрсөтүү.

4. ***Тизме порталы*** **(http://tizme.gov.kg):**
   - БШКнын шайлоо участоктору, райондор, шаарлар жана бүтүндөй республика боюнча шайлоочулардын тизмеси жөнүндө электрондук форматтагы маалымат камтыган интернет-ресурсу. Бул веб-ресурс мыйзамда белгиленген тартипте түзүлөт жана жаңыртылат, шайлоо дарегиндеги өзгөрүүлөр (шайлоо участогунун номери), жарандардын шайлоого жана референдумга катышуусу жөнүндө маалыматтарды камтыйт, ошондой эле идентификациялоонун жана тастыктоонун талаптарын эске алуу менен шайлоочуларга маалыматтарын тактоого жана өзгөртүүгө мыйзамда белгиленгендей мүмкүнчүлүк берет.

5. ***Шайлоо участокторунун картасы*** **(https://shailoo.gov.kg/kg/map/):**
   - БШКнын шайлоочулар шайлоо участогунун чек аралары менен таанышып, картада визуалдык текшерүүнүн жардамы менен шайлоо участогунун борбору менен таанышууну жүргүзө алган интернет-ресурсу

6. ***Даттанууларды жана кайрылууларды каттоо*** **(https://shailoo.gov.kg/kg/registry/):**
   - БШКнын шайлоо комиссияларына (КРнын БШКсы, АШКсы, УШКсы) келип түшкөн даттануулар жана арыздар, алар боюнча кабыл алынган чечимдер жана сот актылары менен таанышуу үчүн атайын электрондук ресурсу.

7. ***«Талапкер» маалыматтык ресурсу*** **(http://talapker.shailoo.gov.kg/):**
   - Маалыматтык ресурс саясий партиялар жана талапкерлер жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтарды камтыйт:
     1. Саясий партиялар жана талапкерлер жөнүндө жалпы маалыматтар.
     2. Талапкерлердин тизмеси.

3. Саясий партиялар жана талапкерлердин программалары (саясий партиялардын сунуш кылынган программаларынын формасы тиркелет).
4. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддоруна акча каражаттарынын келип түшүү булактары жана финансылык отчеттору жөнүндө маалыматтар.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН ЧЕЧИМИ

## Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди каттооүчүн керектүү документтердин тизмегин жана формаларын бекитүү жөнүндө

*(КР БШКнын 2020-жылдын 11-февралындагы № 1 чечиминин, 2024-жылдын 16-сентябрындагы № 281 чечиминин редакциясында)*

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 17-21, 53, 60 – беренелерине ылайык, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 18-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмегин жана талапкерлерди каттоо үчүн аймактык шайлоо комиссиясына саясий партиялар жана талапкерлер тарабынан тапшырыла турган керектүү документтердин тизмеги жана формалары бекитилсин (1-тиркеме), (2-тиркеме).
2. Бул чечим Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.
3. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү Ж.А. Акматовго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА**

Бишкек ш., 2016-жылдын 12-февралы
№ 3

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жанареферендум
өткөрүү боюнча
Борбордуккомиссиясынын
2016-жылдын 12-февралындагы
№ 3 чечимине 1-тиркеме

**Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялар тарабынан аймактык шайлоо комиссиясына берилүүчү зарыл документтердин**
**ТИЗМЕГИ**

1. Ыйгарым укуктуу өкүлдүн маалыматтары (№1 форма)
2. Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү болууга макулдугу жөнүндө арыз (№ 2 форма).
3. Шайлоо комиссияларына өкүлдөрүн дайындоо жөнүндө саясий партиянын сунуштамасы (№3 форма).

3-1. Ыйгарым укуктуу өкүлдү каттоо күбөлүгү (№3-1 форма).

4. Саясий партиянын жетекчисинин кол тамгасы жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечими..
5. Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмеси (№4 форма).
6. Шаардык кеңештин депутаттыгына талапкер жөнүндө маалыматтар (№5 форма).
7. Шаардык кеңештин депутаттыгына талапкердин арызы (№6 форма).
8. Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин жашаган жери боюнча катталгандыгы жөнүндө белгисибар паспортторунун көчүрмөсү.

8-1. Билими жөнүндө документтердин көчүрмөсү (жалпы орто билимден төмөн эмес билими жөнүндө күбөлүк).

9.Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкердиништеген жеринен же окуган жеринен маалымкат.

10. Саясий партия шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн ырастоочу документ.
11. Ишенимдүү адамдарын каттоо жөнүндө саясий партиядан сунуштама (№7 форма).
12. Саясий партиянын, шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкердин ишенимдүү адамы болууга макулдук жөнүндө арыз (№8 форма).
13. Байкоочунун саясий партиядан шайлоо комиссиясына берилген жолдомо каты (№9 форма)
14. Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердинөмүр баяны же жеке баракчасы.
15.Талапкердин ырастамасы (№10 форма).
16. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формада жеке маалыматтарды жыйноого жана иштеп чыгууга макулдук берүү (№11 форма)
17. Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө документ (декларация) (№12 форма);
18. Саясий партиянын мамлекеттик каттоодон өткөндүгүжөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү.

**№ 1 форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

**Ыйгарым укуктуу өкүлдүн маалыматтары**

______________________________________________________________

(шайлоолор боюнча/финансы боюнча, көрсөтүү керек)

Фамилиясы:______________________________________________________

Аты:__________________________________________________________

Атасынын аты:____________________________________________________

Туулган датасы:___________________________________________________

Паспорту: Сериясы: _________________ берилген датасы:________________

ЖИН_________________________________________________________

Жарандыгы_______________________________________________________

Жашаган жеринин дареги:___________________________________________

Негизги иштеген/кызмат өтөгөн жери (ишинин түрү):

_________________________________________________________________

Ээлеген кызматы:__________________________________________________

Телефон номери:__________________________________________________

Email:___________________________________________________________

Финансы боюнча ыйгарым укуктуулар үчүн:_____________________________

(көрсөтүү керек: финансылык документтерге кол коюу укугу менен/кол коюу укугусуз)

Саясий партиянын (аймактык органдын) жетекчиси

_______________________________ ___________________________

(ФАА) (кол тамгасы)

«_____»_____________20___-ж

с/партиянын М.О.

**№ 2 форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

________________________________________
аймактык шайлоо комиссиясына

________________________________________
(фамилиясы, аты-жөнү, байланыш даректери)

## АРЫЗ

Мен,_____________________________________________________________
(фамилиясы, аты-жөнү)
______________________________________саясий партиясынан____________
(саясий партиянын аталышын көрсөтүү менен)

______________________________________________ыйгарым укуктуу өкүл болууга (көрсөтүү керек: шайлоолор боюнча же финансы боюнча) макулдугумду берем

жана «Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарынын нормаларын жана талаптарын сактоого милдеттенем.

________________________________ ________________________
(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

«___»______________20___-ж.

**№ 3 форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

______________________________________

аймактык шайлоо комиссиясына

______________________________________

(саясий партиянын талышы)

**Сунуштама**

________________________________________________саясий партиясы

(саясий партиянын аталышы)

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык

________________________________________________

(шайлоо комиссиясынын аталышы)

________________________________________________

(өкүлдүн фамилиясы, аты-жөнү)

өкүл кылып дайындайт.

**Өкүл жөнүндө маалыматтар**

Фамилиясы________________________________________

Аты________________________________________

Атасынын аты________________________________________

Туулган датасы ________________________________________

Паспортунун сериясы___________________, берилген датасы ___________

ЖИН________________________________________

Жарандыгы________________________________________

Паспорт боюнча катталган дареги___________________________

Жашаган жеринин дареги ___________________________

Негизги иштеген жери (ишинин түрү) ___________________________

Ээлеген кызматы ___________________________

Байланыш телефону_________________________________

e-mail: ________________________________________

(С/пкызмат адамы жана с/п аталышы)

________________________________________ ________________

(фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

"___"__________________20______-ж.

**№ 3-1 форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

**Ыйгарым укуктуу өкүлдү**

**КАТТОО КҮБӨЛҮГҮ N _______**

______________________________________________________________________

(фамилиясы, аты, атасынын аты,туулган датасы, жашаган жеринин дареги, паспортунун сериясы, номери)

_____________________________________аймактык шайлоо комиссиясынын чечими менен(АШК аталышы)

______________________________________________________________________

(саясий партиянын аталышы,
талапкердин фамилиясы, аты-жөнү)

_______________________________________________депутаттыгына шайлоолордо

(жергиликтүү кеңештин аталышы)

ыйгарым укуктуу өкүл катары катталды

______________________________________________________________________

(шайлоо боюнча/финансы боюнча, керектүүсүн көрсөтүү менен)

№ _____«___»____________20___-жыл.

М.О.

Аймактык
шайлоо
комиссиясынын
төрагасы

________________ ________________________________________

(кол тамгасы) (фамилиясы, аты-жөнү)

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

**Саясий партиянын жетекчисинин кол тамгасы жана сясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечими**

______________________________________________
(саясий партиянын жана анын аймактык органынын аталышы)

**№_______________ЧЕЧИМИ**

______________________________________________
(кезектеги (кезексиз) курултайды (чогулушту) (конференцияны) көрсөтүүкерек)

________________ ________________
(өткөн орду) (датасы)

______________________________________________ саясий партиясынан

«___»_________________20_____-жылы дайындалган

______________________________________________
(шаардык кеңештин аталышы)

депутаттыгына шайлоолорго катышуу үчүн ________________________________

(шаардык кеңештин аталышы)

депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине ылайык жана жашыруун добуш берүүдө добуштарды саноонун натыйжалары жөнүндө эсептөө комиссиясынын протоколдорунун негизинде , ошондой эле

______________________________________________
(саясий партиянын уставынын пунктун көрсөтүү менен)

______________________________________________
саясий партиянын кезектеги (кезексиз) курултайы (чогулушу) (конференциясы)

**ЧЕЧТИ:**

1. ______________________________________________

(саясий партиянын жана анын аймактык органынын аталышы)

тиркемеге ылайык *(талапкерлердин тизмеси жана маалыматтары тиркелет)*______________________(________) сан курамында талапкерлер депутаттыгына талапкерлер катары көрсөтүлсүн.

______________________________________________
(шаардык кеңешке шайлоолор өткөрүлүп жаткан көп мандаттуу шайлоо округунун аталышы)

2. «__»______20___жылга дайындалган ________________________

(шаардык кеңештин аталышы)

депутаттыгына шайлоолорго _____________________________________

(партиянын жана анын аймактык органынын аталышы)

катышуу үчүн  бардык зарыл документтерди _________________________

(аймактык шайлоо комиссиясынын аталышы)

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында көрсөтүлгөн мөөнөттө берсин.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

«МАКУЛ»-_______; «КАРШЫ»-_________; «КАЛЫС»-____________________.

Курултайдын (чогулуштун)

конференциянын төрагасы ________ ______________________________

(кол тамгасы) (фамилиясы, аты-жөнү)

М.О.

Курултайдын (чогулуштун)

конференциянын катчысы

____________________ ____________________________________________

(кол тамгасы) (фамилиясы, аты-жөнү)

*Тиркелет:*

*1. Талапкерлердин тизмесине киргизилген ар бир кандидат тарабынан толтурулган: аны талапкерлердин тизмесине киргизүүгө макулдук берүү жөнүндө арызы, талапкер тууралуумаалыматтардын атайын -тиркеме.сы.*
*2. Талапкерлердин паспортторунун көчүрмөсү.*
*3. Шайлоо күрөөсүн тапшыргандыгын тастыктаган документ.*
*4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен -тиркеме.да анын жеке маалыматтарын жыйноогожана иштеп чыгууга талапкердин макулдугу.*
*5. Билими жөнүндө документтин көчүрмөсү (орто жалпы билиминен төмөн эмес билими тууралуукүбөлүк).*
*6. Башка мамлекеттин жарандыгы жок документ (декларация).*

**№ 4 форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

______________________________________________________
кезектеги (кезексиз) курултай (чогулуш)/конференции

____________________________________________________________
(партиянын жана анын аймактык органын аталышы)

________________________________________________________________________депутаттыгына

(шаардык кеңештин аталышы)

**Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин**

**ТИЗМЕСИ**

| № | ПИН (14 символ) | Фамилиясы,аты-жөнү | Туулган жылы жана датасы | Жынысы | Улуту | Жарандыгы | Билими | Иштеген жери | Элеген кызматы | Паспорт боюнча катталган дареги | Соттуулугу жөнүдө маалымат | Партияга таандуулугу (ошол партия мүчөсү/партияда жок) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | |

Саясий партиянын (аймактык органдын)жетекчиси

_____________________________________ _________________________
(Фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

М.О. «_____»_____________20__-ж

**Эскертме:** Талапкерлердин тизмеси кагаз түрүндө жана машинада окулуучу формада берилет.

**№ 5 форма**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
